Бек кармаган ары менен намысын,
Сыйлап турган улуу-кичүү баарысын.
Кылымдарды карытып кыргыз ата,
Жашап келет кенен таштап арышын.

Кыргызды кырдан жыйнап бириктирген,
Болсо экен жигиттери Манасымдай.
Намыстанып жүрөгүн окко тоскон,
Болсо экен Эр Чолпонбай агасындай.

Ар-намыс кыргыз үчүн бийик болгон,
Ар-намыс кыргыздарга болгон коргон.
Кармашып канчалаган душман менен,
Ар-намыс сактап келген нечен жоодон.

ОТУРА БЕРГИН СҮЙҮНҮП

Чачырап тиет нурлары,
Жарк этип чыкса көктө күн.
Караңгы болуп күнүрттөп,
Жалп этип өчөт өткөн күн.

Жаадырап-жайнап асманы,
Көңүлдү ачат көктөм күн.
Узап кеткен караандай,
Бүлбүлдөп калат кеткен күн.

Орундалса тилегиң,
Ойлогон ойго жеткен күн.
Ойлонбой кылган иштериң,
Опосуз болуп кеткен күн.

Оюңдан чыкпайт эч качан,
Биринчи жолу өпкөн күн.

Көрүнбөй көзгө эч нерсе,
Жаштык кез болот көпкөн күн.

Ак куулар канат сабалап,
Үстүнөн учат көк көлдүн.
Оюңда бирден саналып,
Издери калат өткөндүн.

Кол кармашып ант берип,
Үйлөнөбүз дешкен күн.
Кадамды таштап жашоонун,
Башатын барып кечкен күн.

Жигиттик кезиң балык күн,
Карыган кезиң тарых күн.
Тамтаңдап басса неберең,
Таалайга бүткөн жарык күн.

Чакылдап саат жебеси,
Убакыт өтөт токтобой.
Өмүрлөр узап баратат,
Бүгүнгө эртең окшобой.

Балдарың турса жүгүрүп,
Келиниң турса жүгүнүп,
Бактыма бүткөн күнүм деп,
Отура бергин сүйүнүп.

КИЙИН КАЛБА ӨКҮНҮП

Жан эриткен жылуу сөзгө эзилип,
Капысынан сага калдым кезигип.
Чын жүрөктөн сыр айтышып жашырбай,
Мүмкүн эми кошулушаар эки үмүт.